Каракол айыл аймагынын жергиликтүү
Кенешинин XXIX чакырылышынын III
сессиясынын24.01.2025-жылдагы №8 токтому

**“Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө ЖОБО**

**I Жалпы түшүндүрмө**

1.1 Бул ЖОБО Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 “Ардактуу атуулу” наам ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары-айыл өкмөтү, айылдык кенеш, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.3 “Ардактуу атуулу” наам ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айыл өкмөтү кабыл алып, арыздарды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгып, тиешелүү документтерин топтоп,өзүнүн сунушу менен айыл аймактын жергиликтүү кенешине жөнөтөт.

1.4 “Ардактуу атуулу” наамына талапкерлердин документтери айыл аймактын жергиликтүү Кенешинин сессиясында депутаттардын кароосуна койулуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат.

1.5 Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы бир жылда 3 адамга гана ыйгарылат.

**II Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:**

2.1 Каракол айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айыл аймактын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Каракол айыл аймагынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо-шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына;

2.3 Айыл аймакка инвестицияларды алып келип, чоң курулуштарды курган бизнес адамдарына, чет элдик адамдарга;

**III Айыл аймактын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби**

3.1 Каракол айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.2 “Ардактуу атуулу” наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө, Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат.